**2014-жылдын январь айы ичинде акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн өзгөрүү багыты (динамикасы)**

2014-жылдын январь айы ичинде *реалдуу ички дүң өнүм (ИДӨ)* (УСК маалыматтары боюнча) 9,1 пайызга өскөн (2013-жылдын январь айында – 7,2 пайызга өскөн).

*ИДӨ дефлятору (*УСК маалыматтары боюнча) 2014-жылдын январь айында 1,9 пайызды түзгөн (2013-жылдын январь айында – 3,2 пайыз).

2014-жылдын январь айында *инфляция* 0,5 пайыз (2013-жылдын январь айында – 0,8 пайыз), жылдык мааниде алганда инфляциянын деңгээли 3,6 пайыз чегинде катталган. Жөнөкөй эсептен алып салуу ыкмасы менен эсептелген базалык инфляция 7,1 пайызды түзгөн (жылдык мааниде).

2014-жылдын баш жагынан бери АКШ долларынын сомго карата расмий курсу 2,4 пайызга өсүү менен 50,4158 сомду түзгөн (2013-жылдын январь айы ичинде – 0,8 пайызга өскөн).

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде акча базасы 3,6 пайызга кыскаруу менен 70 525,1 млн. сомду түзгөн (2013-жылдын январь айы ичинде – 3,0 пайыз), анын ичинде жүгүртүүдөгү акча, башка депозиттик корпорациялардын камдары (резерв) 28,9 пайызга көбөйгөн шартта, 6,6 пайызга азайган.

Январь айынын акырына карата абал боюнча акча базасынын түзүмүн төмөнкүчө мүнөздөөгө болот:

- жүгүртүүдөгү акчалардын үлүшү 88,7 пайызды түзгөн;
- башка депозиттик корпорациялардын камдарынын үлүшү 11,3 пайыз чегинде катталган.

Башка депозиттик корпорациялардын камдарынын түзүмүндө милдеттүү камдар 6,9 пайызга көбөйүү менен 5 689,0 млн. сомду түзгөн, үстөк камдар 164,6 пайызга көбөйүп, 2 285,0 млн. сомго жеткен (өткөн жылдын ушул эле мезгилинде милдеттүү камдар 31,8 пайызга, үстөк камдар 69,4 пайызга өскөн).

Акча базасынын кыскарышы Өкмөттүн операцияларынын мезгилдүүлүгү менен шартталган, 2014-жылдын январь айы ичинде алар акча базасын 1 927,0 млн. сомго кыскарткан. Жыйынтыгында Улуттук банктын операциялары акча базасын кошумча 687,4 млн. сомго азайткан. Улуттук банк ачык рыноктогу операциялардын эсебинен 6 691,5 млн. сомго арылтуу операцияларын ишке ашырган. 2014-жылдын январь айында Улуттук банктын алтынды сатып алуу операцияларынын суммасы 51,2 млн. сомду, банктарды кайра каржылоо операцияларынын көлөмү – 80,0 млн. сомду түзгөн.

Бул жагдайлар 2014-жылдын январь айында 2 214,2 млн. АКШ долларын түзүү менен дүң эл аралык камдардын 26,0 млн. АКШ долларына кыскарышына таасир эткен, мында ички рынокто алтынды сатып алуунун эсебинен камдар 51,2 млн. АКШ долларына өскөн.

Таза ички активдер аталган мезгилде 3 763,9 млн. сомго азайган. Буга мамлекеттик башкаруу органдары алдында милдеттенмелерди 2 624,6 млн. сомго көбөйүүсү жана капитал эсебиндеги чет өлкө валюталарын, алтынды 1 458,6 млн. сомго кайра баалоо салым кошкон, ал эми банк секторунун таза талаптарынын 602,4 млн. сомго көбөйүүсү да (бул Улуттук банктын ноталарынын ордун жабуу аларды сатуудан артышынын жана кайтарым репо операциялары боюнча 404,4 млн. сом суммасында кайтарылып алынышынан улам) таза ички активдердин өсүшүнө таасир эткен.

## Акча топтомдорунун өзгөрүүсү

Банктардан тышкары нак акчадан жана улуттук валютадагы депозиттерден турган *М2 акча топтому* 2014-жылдын январь айында 88 656,7 млн. сомду түзүү менен 2,5 пайызга азайган (2014-жылдын январь айы ичинде М2 көрсөткүчү 2,7 пайызга азайган), бул банктардан тышкары акчалардын 6,5 пайызга кыскарышы менен шартталган.

Чет өлкө валютасындагы депозиттерди эске алуу менен 2014-жылдын январь айында М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы 0,6 пайызга кыскарып 120 157,4 млн. сомду түзгөн (2013-жылдын январь айында – 0,3 пайыз), бул эң башкысы банктардан тышкары акчалардын 6,1 пайызга чейин 58 104,7 млн. сомго кыскарышы менен шартталган.

М2Х эсебинде камтылган *депозиттердин көлөмү*[1] 2014-жылдын январь айында 5,2 пайызга өсүп, 62 052,6 млн. сомду түзгөн (2013-жылдын январь айында – 6,3 пайыз). Чет өлкө валютасындагы

[1] Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда, жеке адамдардын жана юридикалык жактардын депозиттери, ошондой эле башка финансы-кредит мекемелеринин депозиттери.

депозиттер 5,2 пайызга көбөйүп, 31 500,7 млн. сомду түзгөн, улуттук валютадагы депозиттер – 5,2 пайызга көбөйүп, 30 552,0 млн. сомду түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил аралыгында экономикага кредит[2] 1,4 пайызга өсүп, 57 996,5 млн. сомду түзгөн (2013-жылдын январь айында экономикага кредит 0,4 пайызга кыскарган).

M2X акча массасынын түзүмүн төмөнкүчө чагылдырууга болот:

- банктардан тышкары нак акча үлүшү – 48,4 пайыз (01.02.2013 карата – 52,4 пайыз);
- улуттук валютадагы депозиттер үлүшү – 25,4 пайыз (01.02.2013 карата – 25,4 пайыз);
- чет өлкө валютасындагы депозиттер үлүшү – 26,2 пайыз(01.02.2013 карата – 23,2 пайыз).

Жылдын январь айы ичинде банк тутумунун таза чет өлкө активдери 1 027,9 млн. сомго көбөйүп (1,0 пайызга), 106 751,6 млн. сомду түзгөн.

2014-жылдын февраль айынын башына карата банк тутумунун таза ички активдери 1 773,9 млн. сомго кыскарып (11,7 пайыз) 13 405,7 млн. сомду түзгөн.

Эсептик чен 2014-жылдын январь айынын башында 4,17 пайыздан айдын акырына карата 4,11 пайызга чейин кыскарган.

Январдын акырына карата жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 2,11 пайызды, 28 күндүк ноталар боюнча – 4,06 пайызды, жүгүртүү мөөнөтү 6 ай болгон МКВ – 6,38 пайызды, 12 ай болгон МКВ – 8,43 пайызды түзгөн.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөөчү M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча мультипликатору 2014-жылдын 1-февралына карата 1,704, M2 мультипликатору – 1,257 (2013-жылдын 1-февралына карата тиешелүүлүгүнө жараша 1,568 жана 1,204) чегинде катталган.

M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча топтому боюнча эсептелген экономиканы монетизациялоо коэффициенти 31,1 пайызды, M2 акча топтому боюнча – 23,5 пайызды (2013-жылдын январь айында – 29,5 жана 22,5 пайыз) түзгөн.

Улуттук валютадагы коммерциялык банктардын үстөк камдарынын бир күндүк орточо деңгээли 2014-жылдын январь айында 3 530,9 млн. сомду (2013-жылдын январь айында бул көрсөткүч 4 035,6 млн. сомго барабар болгон) түзгөн.

## Акча жүгүртүү ылдамдыгы

Акча сунушунун экономиканын өсүшүнө салыштырганда озгон арымда өсүшүнө байланыштуу акча жүгүртүү 2014-жылдын январь айында төмөндөшүн уланган, айдын акырында 3,2 пайызды түзгөн (M2X боюнча).

Нак акча жүгүртүү жагында Улуттук банктын кассасына 2014-жылы 7 565,8 млн. сом түшкөн, кассадан берүү көлөмү 3 162,7 млн. сомду түзгөн. Коммерциялык банктардын кассаларына 2014-жылдын январь айында 64 444,3 млн. сом түшкөн, кассадан берүү көлөмү 61 330,7 млн. сомду түзгөн.

2014-жылдын төлөм системасында финансылык тобокелдиктер деңгээли минималдуу чекте сакталган. Жүгүртүү коэффициенти 0,2, ликвиддүүлүк коэффициенти – 5,7 түзгөн.

Көрсөткүчтөрдүн мындай катышы системада ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээли экендигин жана катышуучулар колдо болгон ликвиддүү каражаттарды натыйжалуу пайдалана албай жаткандыгын мүнөздөйт (ликвиддүү каражаттардын 70 пайызынан көбү пайдаланылбаган бойдон калууда). Бул жерде жүгүртүү коэффициентинин өзгөрүү динамикасы системанын катышуучуларынын жигердүүлүгүнө көз каранды экенин баса белгилеп кетүү зарыл.

[2] Өкмөттүн жана резидент эместердин кредиттерин эске албаганда, жеке адамдардын жана юридикалык жактардын, ошондой эле башка финансы-кредит мекемелеринин кредиттери